УДК: 371.036

Ибраева Г.

*И.Арабаев ат. КМУ*

# ФОЛЬКЛОРДУК ЧЫГАРМАЛАРДЫ КОЛОДОНУУ МЕНЕН МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН МУЗЫКАЛЫК-ЭСТЕТИКАЛЫК КЫЗЫГУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУ.

*Макалада окуучулардын музыкалык-эстетикалык кызыгууларын калыптандырууда кыргыз элинин фольклорунун социалдык-тиричилик жактарын камтыган "Бекбекей", "Шырылдаң", "Бешик ыры" жанрлары жөнүндө баяндалган.*

Соңку жылдарда көпчүлүк элдер улуттук-маданий кайра жаралуу мезгилин баштан өткөрүп жаткандыгын даана байкоого болот. Ал деген – төл маданиятына, тилине, үрп-адат менен салт-санаасына кайрылып келүү, жаралып, өсүп-өнгөн тамырын табуу. Тамыр болсо элдин үмүт-тилеги, ал тургай, өмүр-жашоосунун өбөлгөсү, таяныч-түркүгү. Дал ошол журт өзүнчөлүгүн сактап турган, анын руханий-маданий бак-дөөлөтүн, казына-байлыгын арттырып турган уникалдуу касиет - фолңклор. Фольклор деген эмне? Ал кеңири мааниде айтканда, элдин салттуу (традициялык) маданияты, кылымдар аралап эл үмүтүн, эл тилегин чагылдырып келаткан күзгү. Фольклордун формаларына - тил, адабият, музыка, бий, оюндар, мифология, ырым-жырымдар, салт-санаа, кол өнөрчүлүк жана башкалар кирет.

Жашырганда эмне, социалисттик коомдун идеологиялык көрсөтмөлөрүнүн басымы эл чыгармачылыгынын кенен канат жайышын тизгиндеп келди. Бул тегин эмес эле. Анткени, фольклор, анын айрым жанрынын чыгармалары калктын дүйнө түшүнүгүн, нравалык-этикалык, тарыхый-саясий, философиялык көз карашын аныктап турчу касиетке ээ. Анда элдин даанышмандыгы жатат, демек бул жаш муунду ата-бабанын мурастарынын үлгүсүндө тарбиялоого үгүттөйт. Ушул феноменди педагогдук аспектен карасак, мурастарды үйрөтүүнү, эл чыгармачылыгын тааныштырууну эң кенже курактан баштоо зарыл. Биз аны таалим-тарбия каражаты катары карасак, анын жанрдык өзгөчөлүгүн үзөнгүлөш алып жүрүшүбүз керек.

Адистер фольклорду түргө бөлүшөт: сөз аркылуу, музыкалык, кол өнөрчүлүк, көркөм көрсөтүү, бий ж.б. Ал чоңдор жана балдар аудиториясына ылайыкталат. Асыресе «балдар фолңклору» жеткинчекти, өспүрүмдү көркөм–эстетикалык тарбиялоодо өзгөчө колго ээ болот.

Чоң маселенин бир гана бучкагына келсек, кыргыз фольклорундагы архаикалык-мифологиялык катмар, жөнөкөйлөтүп айтканда «эмгекке табынуу» жана жанрдык идеологиялык синкретизм менен камыр-жумур байланышкан «Оп майда», «Шырылдаң», «Бекбекей» эмне деген казынабыздан кабарлабайт. Албетте, бул – биринчи иретте, адабият, көркөм сөз. Бирок, ал ырдагы ыргакты, речитативди мындай коелу, шаңдуу–шайыр обон коштолуп айтылганда максаттын маани-маңызы шаңкайып ачыла түшөрүн эстейличи. Ырас, адамзат, жер жүзүндө ар кайсы кесип–өнөрдү, тиричилик-жашоону бешенесине насип эткен элдер миң сан. Алардын элдик фолңклору да кыргыздыкына үндөш келген учурлары арбын, бирок илгери эле Бартолнд белгилеп кеткендей, кыргыз адамынын ар бир сөзүнөн ыр жаңырыктап тургандыгы чын. «Ыр» деген сөздү колдонбой аткарылган бир дагы каада-салт, үрп-адат жок. Кээде аны «терме, санат-насыят, накыл» деген сөздөр менен алмаштырылат.

Кеп төркүнү фолңклордук чыгармалар аркылуу мектеп окуучуларынын музыкалык-эстетикалык кызыгуусун арттыруу маселеси тууралуу болгондуктан, темага жакыныраак келели. Жаш муундардын гармониялуу тарбиялоо бүгүнкү күн тургай, эзелтеден келаткан

проблема. Ырас, коомдук формация алмашкан учурда руханий кыйроолор жүрүп, дөөлөттөрдүн барк-насилине доо кетип, вакуум пайда боло тургандыгына өзүбүз күбө болдук. Ушундай шартта бизге зор жардамчы – улуттук көөнө маданий мурастар, башаламандыктын туманында жол көрсөткүч маяк да – ошолор.

Бул жагдайга байланыштуу академик Д.С.Лихачев минтип айткан: «Биздин жашоо турмушубузга омуроо- сокмок менен кирип келген массалык маданиятка элдик, эмоционалдуу негизи бар бийик маданиятыбызды каршы коюу – эстетикалык жана нравалык тарбия берүүнүн бирден бир милдети».

Эстетикалык кызыгууну калыптоо жолдору ар түрдүү. Алар көркөм - эстетикалык циклдагы сабактар системасы аркылуу өткөрүлөт: адабият, сүрөт искусствосу, музыка. Эгерде биз жогоруда айтып өткөн фольклордук адабият обон, музыка менен коштолуп аткарылса, эстетикалык таасир этүүнүн, демек, музыкалык-эстетикалык татымды калыптоонун ийкемдүү аракети катары бааланары анык.

Элдик музыка, фольклордун башка түрлөрү менен катар эле, турмуштук тартиптин практикасынан рухий аспектилерине чейин чагылдырат. Ал адамдардын байыркы жана азыркы курчап турган айлана-чөйрө жөнүндө көз караштарын, алардын дин ишенимин, мүдөөлөрүн, кооздукка болгон түбөлүк тартылуусун жана сезим–туюмдарын чагылдырат.

Ала-Тоонун абасындай тунук эл обондору. Сыйкырдуу бадик айтуулар (заклинаниелер) жана алардын материалдык көчүрмөлөрү болгон тумарлар өтө таамай. Шартылдап чертилген комуз күүсү арыш керген аргымактын дүбүрттөрүн элестетет.

Элдик уздардын колу менен токулуп жасалган кооз түркүн түстүү «терме» таарлар жана төкмө акындардын «терме» деп атаган сөздүн түбү бир. Өзүнө гана таандык үнү бар Саймалуу таш өрөөнүндөгү аска беттерине жазылган «эпос» менен шырдактын ыргакка ээ оюусунун ортосунда кандайдыр бир үндөштүк байкалгансыйт.

Ушул жана башка параллель окшоштуктардын кыргыз фольклорунун төрт музыкалык жанрдык катмарларынын эң маанилүү белги жышааналары келип чыккан: обондордун эмоциялык нукуралыгы, эпос айтуучу, дастанчылардын күргүштөгөн күч кубаты, акындык композициялардын актуалдуулугу, аспапчы–аткаруучулардын бийик чеберчилиги мунун бары - импровизациянын чексиз мүмкүнчүлүгү болуп эсептелет.

Обондуу ырлардын жанрдык статусун аныктоодо критерий катарында үч негиз болуучу белги эске алынат, булар учурдагы фольклористикада салтка айланып калды. Бул музыкалык-стилдик өзгөчөлүктөр, идеялык – тематикалык багыт жана социалдык–функционалдык багыттар. Жанрдык класстарга бөлүү маселелерине карата мындай мамиле табигыйдай сезилет, анткени ал фолңклорду турмуш жана массалык аң–сезим менен ажырагыс биримдикте кароодо мүмкүндүк берет. Себеби тарыхыбызда, ошондой эле, айрым учурда азыркы турмушубузда элибиздин фолңклордук ырлары тиешелүү каада-салттык расмилерде жана турмуштук кырдалдарда ар дайым жаңырууда, ал эми мындай салт-санааларды ырсыз элестетүү эч мүмкүн эмес.

Айрым аваздык жанрлардын кескин айырмачылыктары жокко эсе, бул турмуштук кырдалдын көп кырдуу жана көп түрдүүлүгү менен түшүндүрүлөт. Алсак, айрым эмгек процесстери табият күчтөрүнө же мифтик образдарга табынуу салттарын да камтыйт, элдин ишениминде мндай ырым-жырымдар иштин ийгилигине өбөлгө болот деп ынангандыктан келип чыккан. Буга мисал катары «бекбекей», «шырылдаң» жанрларынын функционалдуулугун айтсак болот.

«Бекбекейдин» социалдык-тиричиликтик милдети ачык-айкын колдонмо мүнөзгө эгедер болгондугу. Короо кайтарган кыз-келиндер үчүн бул ырлар ууру – бөрүнү үркүткөн сактануу сигналы гана болбостон, көңүл ачуу каражаты да боло келген. Бул жалпы эл ырдай билген оозеки чыгармачылыктын өзүнчө бир популярдуу музыкалык

формасы болгон. «Бекбекей» короо кайтаруучулардын коомдук–өндүрүштүк милдетерин аткарууда чоң мааниге ээ болгон эстетикалык элемент.

Маселен, түнкүсүн биргелешип кой кароону, жылкы үйүрүн кайтаруу өзүнчө бир оюн-зооктун көрүнүшү катары саналчу. Оюн-зоокко албетте, чыгармачылык мүнөздүү. Күлкү чакырган сөз кайрыктары, юмор, «ээй!» деген музыкалык ыргак менен аяктаган «Бекбекей» ыры бир туруп адам тиричилигин даңазаласа, бир туруп түнкү кооз табият картинасын көзгө тартат. Ырда «Эчки деген жаныбар, ээгинде жалы бар», «Эчкинин сүтү эрменде, эчки уурдаган шерменде» - деп, эчкинин кандай жаныбар экени сүрөттөлсө, «Койдун сүтү коргошун, койду уурдаган оңбосун» - деп кой сүтүнүн коюлугу сүрөттөлөт. «Ууру келсе урабыз, уруп сууга салабыз, Тебетейин тебебиз, тээп сууга салабыз» деген саптар укканды сөзсүз жылмайтат. Юморсуз оюн-зоок болобу? «Эл көчөрдүн белгиси, Карача каймал буркурайт. Таң атардын белгиси – Тараза жылдыз жаркырайт». «Алты аркар жылдыз батпайбы, Агарып таң да атпайбы» - деген сүрөттөөлөр астрономия сабагынын бир үзүмү.

«Бекбекей» жанрынын поэтикалык маңызын жетишерлик терең изилдөө жазылып алынган текстердин аздыгынан гана эмес, салыштырып иликтөө үчүн материалдардын жоктугуна да байланыштуу. Коңшу боордош элдерден буга окшогон ыр жанрын кезиктире албайбыз. Кыргыздар менен тарыхый-маданий жана этнографиялык тыгыз алака-катышта болгон казак элинде да кыз-келиндер короо кайтарган элдик ыр жок.

Ушундай эстетикалык ажайып көрүнүштөр, мукамдуу обон кайрыктары жылкычылар ыры «Шырылдаңда» да, эмгек ыры «Оп-майда» да бар.

Ал эми фолңклордун дагы бир жанрынын бири «Бешик ыры».

«Бешик ыры» - фолңклордун башат - булагы, эне тилибиздин ширин–шербети, алтын казыгы. Ооз эки чыгармачылыктын «төл башы» десек жаңылыштык болбос. Андагы не бир жүрөккө жылуу сезилген салыштыруулардан тышкары. «Алдей, алдей, ак балам, Ак бешикке жат, балам!» деген сөздөрдү коштогон изги, назик обон ар кимдин бала чагын ойго салат. Ата-эненин кадырын көкөлөтүп, алардын алдындагы балалык парзыңды капилет эске салат. Профессионал композиторлор жазган бешик ырларында дал ушул касиеттүү сөздөр, мукам мотив өзөк боюнча турат. Кандай сонун обон жаратышса да эзелки ыргак таңкы чолпон жылдыздай көктө балбылдап жана берет жүрөктө «тыз» эттире берет.

Бешик ырлары поэтикалуулугу, ачык элестүүлүгү, чын көңүлдүүлүгү менен айырмаланат. Аларда наристенин энеси өз баласынын тагдырын алдын ала айткысы келип, уулунун эр жүрөк, чынчыл, акыйкатчыл адам болуп чоңоюшун, ал эми кызынын акылдуу, сулуу, ата-энелерди сыйлаган аялзатынан болушун каалаган.

Элдик ыр маданиятынын кыргыз журтчулугунда негизги каада-салтка айланган эң маанилүү бөлүгү үйлөнүү салт ырлары. Мазмуну жана формасынын ар түрдүүлүгү менен айырмаланган бул жанр кыргыздардын көз карашын, үй-бүлөлүк каада-салттарын жана ырым-жырымдарын чагылдырат. Атап айтсак «Той баштар», «Жар көрүү», өзүнчө эле көчмөн элдин театрлашкан салтанат кечелери. «Секетпай» менен «Күйгөндү» алардан бөлүп кароого болбойт. Бир бүтүндүктөн ажырагыс бөлүкчөлөрү.

Тамаша-шаңга толгон мындай тойлор музыкалык-эстетикалык таалим–тарбиясы жагынан асыресе, жаш өспүрүмдөргө, алардын жан дүйнөсүнө жакшы таасир калтырат.

Турмуш, жашоо – статикалык, бир калыпта турууучу нерсе эмес. Коом өзгөргөн сайын, анда жашаган адамдар да психологиялык өзгөрүүлөргө дуушарланат. Фолңклордук чыгармаларды жашоонун жаңы образына ыңгайлаштырып пайдалануу, боектор кошуп, кызыктуулугун арттыруу зарылчылыгы келип чыгат. Эзелки чыгармачылыкка жаңы чыгармачылык мамиле жасоого неге болбосун. Ушул милдет албетте, мектеп

мугалимдерине, айрыкча музыка мугалимдерине жүктөлөт. Учурда кризис жалаң гана экономикага тийип, руханий сфераны кыйгап өткөн жок. Мектепти, бүткүл билим жана тарбия берүү процессин руханий башталышта реформалоо зарылчылыгы ушундан улам коюлуп отурат. Чыгармачыл ой жүгүртө билген кадрларды тарбиялоо милдети да ушуга байланыштуу иш.

Жыйынтыктап айтсак, фолњклордун кайсы формалары болбосун, адабиятпы, кол өнөрчүлүкпү, оюндабы, ырым-жырым, салт-санааларбы, тигил же бул даражада музыка-обон коштолот. Буга мисал оголе көп. Таланттуу уюштургуч музыка мугалими аларды таасирдүү жеткилең аранжировкалай алат. Мунун өзү жеткинчектердин музыкалык-эстетикалык кызыгуусун жаратат. Ал эми, кызыккан улан-кыз өзүндөгү талант-шыкты ойготуп, элибиздин өткөндөгү асыл мурастарына кылдат жана камкор мамиле жасоого үйрөнөт.


Адабияттар

1. Дуйшоналиев К. “Кыргыз эл музыкасы” –Б.: Шам, 2007.
2. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. –Б., 1999.